# “КЛИМАТТЫК ӨЗГӨРҮҮЛӨР ШАРТЫНДА РУХАНИЙ БИЛИМ ЖАНА ЖОЛБАШЧЫЛЫК” ОКУУ-УСУЛДУК КОЛДОНМОСУ

**Форматы:** практикага багытталган
**Максаттуу аудиториясы:** диний жамааттардын өкүлдөрү
**Тили:** кыргызча / орусча
**Узактыгы**: 120 мүнөт (2 саат)

## КИРИШҮҮ

Климаттын өзгөрүшү — китептердеги бир тема эмес, же кийинчерээк ойлой турган бир маселе да эмес. Кыргызстандын чоң аймактары, жамааттары азыркы учурда бул чыныгы орчундуу маселеге кабылып жатышат. Күн өтө ысып, аптаптын улам күчөшү, суу жетишсиздиги, мурункудай түшүм мол болбой калышы, азык-түлүк бааларынын өсүшү, адамдардын ден соолугунун начарлашы күнүмдүк турмушка, бакубат жашоого жана социалдык туруктуулукка түздөн-түз таасир тийгизет. Бул процесстердин кесепети эң биринчи кезекте коомдун аярлуу катмарларына - кары-картаңдарга, балдарга, көп балалуу жана аз камсыздалган үй-бүлөлөргө, айыл аймактарынын тургундарына тиет.

Мындай шарттарда диний жамааттардын өкүлдөрү коомдук өзгөрүүлөрдүн маанилүү катышуучуларына айланышат. Өз жамааттарында элдин ишенимине ээ болуп, алар жарандарды күнүмдүк турмушта айлана-чөйрөгө жоопкерчиликтүү мамиле кылууга дем берип, керектүү маалыматтарды натыйжалуу жеткирип бере алышат. Мунун негизинде айлана-чөйрө маселелерине руханий баалуулуктар жана этикалык нормалар призмасы аркылуу кайрылуу климаттык өзгөрүүгө адаптация боюнча жалпы күч-аракеттерге олуттуу кошумча жардам боло алат. Мындай ык-амал климаттык өзгөрүү күн тартибин коомдун ар бир мүчөсү үчүн түшүнүктүүрөөк жана жакыныраак кылууга жардам берет.

Колубуздагы окуу-усулдук колдонмо диний жамааттардын өкүлдөрү үчүн иш жүзүндө колдонулуучу окуу куралы катары иштелип чыккан. Анын максаты - климаттык жана экологиялык көйгөйлөр тууралуу маалыматтандырылгандыкты гана жогорулатпастан, бул багыттагы билимди конкреттүү иш-аракеттерди жасоодо колдонууда жардам берүү.

Колдонмо төмөнкү багыттарда жардам берет:

- климат жана экология жөнүндө татаал терминологиясыз, түшүнүктүү, жөнөкөй, жалпак тил менен сүйлөшүү;
- диний каада-салтта болгон руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктар призмасы аркылуу экологиялык маселелерди ачыкка чыгаруу;
- жаратылышты коргоого жана жер байлыктарын сактоого багытталган практикалык иш-аракеттерди жамааттар деңгээлинде иштеп чыгарып, аларга колдоо көрсөтүү;

- айлана-чөйрөгө, бизди курчап турган дүйнөгө жоопкерчиликтүү жана аяр мамиле кылуу маданиятын түзүп, бирдиктүү экологиялык демилгелерге кыз-келиндерди жана жаштарды тартуу.

## ТЕМА 1. КИРИШ БӨЛҮГҮ: ГЛОБАЛДЫК ЖАНА ЛОКАЛДЫК КЛИМАТТЫК ӨЗГӨРҮҮЛӨР

**Максаты:** Климаттын өзгөрүшү улуттук, аймактык, а түгүл үй-бүлөлүк деңгээлде да өзүн көрсөткөн глобалдык процесс жөнүндө жалпы түшүнүктү жаратуу

**Сабактын узактыгы:** 60 мүнөт

**Негизги пикирлер**

- Жаратылыш - адамдын менчиги эмес, ишенип берилген аманаты.
- Жаратылышты коргоо - өзүнчө бир тема эмес, ишенимдин уландысы

### *1.1. Климат деген эмне?*

**Бөлүмдүн максаты:** климаттын оңой түшүндүрмөсүн берүү, «алыс бир жердеги көйгөй» эмес, күнүмдүк жашообуздун жана жоопкерчилигибиздин бир бөлүгү экенин көрсөтүү.

**Негизги мазмуну:**

Аба-ырайы менен климат — өз ара байланышкан түшүнүктөр экенин түшүнүү маанилүү. Аба-ырайы — бүгүн терезеден көргөн абанын абалы, ал белгилүү бир күнү же жылы кандай болгонун эстейбиз. Ал эми климат дегенде аба-ырайынын көрсөткүчтөрүнүн (температура, жаан-чачын, шамал) көп жылдык эсептелген топтомун түшүндүрөт.

Жөнөкөй сөз менен айтканда – аба-ырайы бизге бүгүн эмне кийиш керек болгонун айтат. Климат болсо гардеробду түзүп берет – жай менен кыштан эмнени күтөрүбүздү билгенибиз үчүн шкафта кандай кийимдер сакталганын билдирет.

Климаттын өзгөрүшү аба-ырайы кандай болорун болжоону татаалдаштырат, азыркы учурда биздин “гардеробубуз” ар дайым бизге туура келе бербейт. Кыштар болжолгус, жайлар өтө ысык болуп калды.

Жер планетасында климат ар дайым өзгөрүп келген. Бирок азыркы учурдагы глобалдык ысуу өтө тез жүрүп, окумуштуулардын оюу боюнча буга адамзат себепкер. Жер планетасы “күнөскана (парник) эффектиси” аркылуу Күндөн келген жылуулукту кармап турган газдардын катмары менен курчалган. Бул табигый процесс. Бирок, адамзат көмүр, мунайзаттарды жагып атмосферага көмүр кычкыл газы улам чоң көлөмдө бөлүп чыгаруу менен, токойлордун кыйылышы, жайыттарга малдын туягын өтө көп оттотуу, таштандыны өтө чоң санда көбөйтүү аркылуу Жердин аба катмарын өтө коюулаштырып, күн жылуулугунун (радиациясынын) бир бөлүгүн кайра космоско кетишине жол бербей жатат.

Адамзат абанын ысуу эффектин иштетип жибергени анык, эртең климат турукташып кетет деп үмүт кылыштын кажети жок. Планетанын температурасы өсө берет, аба-ырайынын туруксуздугу күчөй берет, суу жетишсиздиги, өрттөр, бороон-чапкын, үйлөрдү учуруп, өтө зыян алып келген катуу шамалдар сыяктуу алааматтардын келип чыгуу тобокелдиги жаралып, аба-ырайын болжоо улам татаалдашат. Демек, ал түшүмдүн азайышы, азык-түлүктүн кымбатташы, ден-соолуктун начарлашы аркылуу ар бир адамдын жашоосуна түздөн-түз таасирин тийгизет.

**Глобалдык жана жергиликтүү климаттын өзгөрүшүнө тийгизген таасирибиздин мисалдары:**

- **Токойлорду кыюу, жайыттардын деградациясы**: бак-дарактар, бадалдар, чөп азайганда жер “дем ала албай”, жаан-чачындын нымын кармап кала албай калат.
- **Рационалдуу эмес сугат**: арыктар бузулуп, эскирген ыкмалар менен сугаруудан улам биз суунун жарымынан көбүн жоготуп алып жатабыз. Азыркы учурда суу баа жеткис байлыкка айланып калды.
- **Урбанизация:** шаарларда калк өтө тыгыз жайгаштырылып, курулуш пландары бузулуп, асфальт басылган аянттар өтө кеңейип, жашыл аймактар азайгандыктан биз “шамал розасын” — шаардын табигый жол менен желдеп туруу жөндөмдүүлүгүн жоготуп жатабыз, “ысык арал” эффектисин күчөтүп жатабыз — мында шаарлардын ачык, бетон баскан тилкелеринде абанын температурасы алда-канча жогору.

**Баян (хутба) үчүн мисал:** «Агайын-туугандар, эже-карындаштар, жай мурдагыдан ысыгыраак, суу азыраак, жашоо кымбатыраак болуп калганын баарыбыз байкап жатабыз. Булардын баары жөн жерден өз ара дал келип калган жок. Бул кырдаалдар адамдын жерге, сууга, Аллахтын белектерине кылган начар мамилесинин кесепети».

***Талкуу үчүн суроолор:***

- *20-30 жыл мурун кыш кандай болгону эсиңиздеби?*
- *Жазында көк чөп канчалык эрте саргайып, күнгө күйүп кетип жатканын, жайында сугат канчалык көп керек болуп жатканын байкап жатасыздарбы?*

### *1.2. Кыргызстандагы климаттык көйгөйлөр*

**Максат:** Кыргызстанда климат кантип өзгөрүп жатканын, мунун ар бир жамааттын турмушуна кантип таасир тийгизип жатканын көрсөтүү.

*Эмне үчүн климаттын өзгөрүшү Кыргызстанга чоң зыян алып келет?*

Кыргызстан - тоолуу өлкө, мекенибиздин бакубат жашоосу көп жагынан жаратылышка: суу, жер, жайыттарга көз каранды. Мекенибиздин аймагынын 90% көбүн тоолор ээлейт, мөңгүлөр менен кар суунун негизги булагы болуп саналат. Өлкөнүн экономикасы негизинен айыл чарбалык өндүрүшкө көз каранды. Климаттын өзгөрүшү суу

ресурстарынын, өзгөчө сугат суунун азайышына, жайыттардын такырайып кетишинин күчөшүнө (мисалы, көк чөптүн күнгө эрте күйүп кетишине) алып келет.

Тоо экосистемалары температуранын жогорулашына көз ачып жумганча таасирленет: мөңгүлөр эрийт, дайралардын агымы өзгөрөт – жазында, жайында суулардын деңгээли өтө көбөйүп, суу каптоолорго жана селдердин жүрүшүнө алып келет. Ал эми сугат мезгили күч алып жатканда – суу өтө аз же такыр жок болуп калат.

Климат бүткүл планетада жылуураак болуп жатат. Орточо эсептегенде планетада соңку 30 жылда аба 1.1°C градуска жылуураак болуп калды, бирок биздин чөлкөмдө (Борбор Азияда) аба тезирээк – 1.6°C градуска жылып жатат. Жыл мезгилдери биз көнгөндөн өзгөрдү – кыш эртерээк келип, кыскараак болуп жатат. Жаз да эртерээк келип, туруксуз болууда – марттын жылуу алабаар күндөрүнөн кийин дароо үшүк жүрүүдө (температура 0 градустан төмөн түшүүдө). Жай мурдагыдан узагыраак, ысыгыраак, кургакчылыраак болуп калды. Күз да мурдагыдан эртерээк келүүдө.

***Климаттык өзгөрүүнүн кесепеттери:***

1. **Аномалдуу ысык**

**Жай өтө кургакчыл жана адам чыдагыс ысык болуп калды:** бул жөн эле бир «жылуу аба-ырайы» эмес, аномалдуу ысык өтө көпкө созулууда (ысык күндөр биринин артынан бири толкун-толкун болуп келүүдө). Изилдөөлөр боюнча Бишкекте соңку 30 жылда аба температурасы +35 градустан ашкан күндөрдүн саны 17ге көбөйдү. Түндөр салкын болбой калды, адамдын, өзгөчө улгайган адамдын организми калыбына келүүгө жетишпей, мындан улам анда чарчоо жана стресс топтолууда.

- **Тобокел тобу:** Жайдын саратаны элдин баарына, өзгөчө жаш балдарга, кары-картаңдарга, өнөкөт ооруларга чалдыккан жарандарга катуу соккусун кылат. Адамдарга ысык өтүп кетип, эс-учун жоготуп, жүрөк, кан басымына байланыштуу кооптуу абалда калуу коркунучу улам күчөйт. Тышта, талааларда эмгек кылган жумушчулардын ишке жөндөмдүүлүгү, өндүрүмдүүлүгү төмөндөйт.
- **«Ысык аралдар» жана жаңы конуштар:** шаарларда бетон аянттар көбөйүп, бак-дарактар азайганы үчүн күндүн куйкалаган аптабы улам жогорулай берет. Мындай кырдаал **жаңы конуштарда** өзгөчө катуу сезилет, ал жактарда арык тутуму жок, суу жакшы камсыздалбайт, көлөкөлөр жок, андыктан мындай жерлерде жашаган тургундардын жашоосу эптеп аман калыштын айласын издөөгө барып такалат.
- Экономика: жайдын саратаны — ыңгайсыз абалды жаратып тим болбостон, капчыкка да кол салат. Электр энергиясы жана суунун акысына (кошумча желдеткичтер (вентилятор), аба сергиткичтер (кондиционер) иштетилгени үчүн) төлөнүүчү эсептер да өсөт.

**Жыл мезгилдеринин мурункудай болжоо мүмкүн эмес: «Жалган жаз» жана эрте күз**
Ата-бабаларыбыз илгертен бери колдонуп келген жылсанакка ишенүү мүмкүн болбой калды. Жаратылыш туруктуулугун жоготту. Соңку жылдары жаз өтө өзгөрүлмө болуп келүүдө. Кар эрип кетери менен, өзгөчө Жалган куран айында күн өтө ысып кетүүдө. Жаратылыш эрте ойгонууда: бак-дарактар гүлдөп, бүчүр байлап жиберет. Дыйкандар көчөт тигишет, картөшкө жана башка өсүмдүктөрдү эгишет. Ошондо ысык күндөрдөн кийин дароо үшүк жүрүп кетүүдө. Суук күндөр күтпөгөн жерден келип, бир эле түндө гүлдөгөн бак-дарактарды, көчөттөрдү, эми жанданып келе жаткан өсүмдүктөрдүн баарын тоңдуруп, кырып жок кыла алат. Эгер кыш менен эрте жаз жылуу болсо, өсүмдүктөр өтө коoптуу абалда болушат — алар кайра келген суукка «даяр эмес» болушат. Мындай жылдары түшүм жоготуулары өтө чон болот. Күз да өзгөрүүдө. Мурдагыга караганда суук эрте түшүп, биринчи кар бир-эки жумага эртерээк жаап салат. Мындай аба-ырайы түшүм жыйноо мезгилин кыскартат.

Булардын кесепеттери:

1. **Дыйкандар жана багбандар үчүн:** Жер иштеткендер айдоо иштерин эрте баштап коюп, мол түшүм болот деп үмүт артышат, бирок күтүлбөгөн жерден жүрүп кеткен үшүк эгилген өсүмдүктүн, гүлдөп калган бак-дарактын баарын бир түндө эле жок кылып коё алат. Мында дыйкан-багбандар түздөн-түз каржылык зыян тартып, кирешеси жок калышат.
2. **Бардык жарандар үчүн**: түшүм болбой калганы үчүн базарларда мөмө-жемиш таңкыстыгы жаралып, баалары өтө жогору өсүп кетет.
   3. **Жалып айыл-чарба үчүн**: дыйкандар көнүп калган айдоо жана оруп-жыйноо иштеринин убактары мурункудай так иштебей калды, алар ар дайым тобокелге салууга аргасыз болушат.

**3. Кышында кар аз. Тегеректин баары ала шалбырт болуп, үйөр жүрүп, суу каптоолор көп болууда**

Кыш жылуураак болуп калды. Кырчылдаган аяздуу күндөр азайды, алабаар күндөр улам-улам көбөйүүдө. Кар жааса да, көп жатпайт – тез эле эрип кетип, ала шалбырт болуп, жер бетин ала-телек басып калат, суу болуп агып кетет. Мындан улам тоолордо кар жакшы топтолбой, мурдагыдан эртерээк эрип жатат. Суу жазында, жайында дарыяларга акырындап берилгендин ордуна, шар агып, кышында жана эрте жазда эле өтө тездик менен агып кетип жатат.

**Мунун кесепеттери:**

- **Жайында суу аз:** кышында кар аз жааганда, жайында өзөн-дайраларда, каналдарда суу азаюуда. Жай – талааларды, мөмө бактарды, токойлорду, короо жайларды сугаруу үчүн сугат суу өтө керек болгон мезгил. Адамдар аба-ырайы кургакчыл болуп калганын азыртадан эле сезип калышты. Ичер суу жетишсиздигине байланыштуу маселелер да анда-санда келип чыгууда. Суу сактагычтарда да суу

азыраак топтолууда, мындан улам гидроэнергетика да зыян көрүүдө – элге электр энергиясы жетпей калууда.

- **Техногендик коркунучтар**: Абанын температурасы улам-улам “0” градустан өйдө-ылдый (тоңуп-эрип) көтөрүлүп-түшө бериши асфальтты талкалап, суу түтүктөрүнүн жарылышына алып келет. Ала шалбырт менен көк жылгаяк муз жолдордо унаа кырсыктарынын жана жабыркаган адамдардын санын көбөйтөт.
- **Жазгы селдер жана суу ташкындоолор:** кар өтө тез эрип баштаганда суу жерге сиңүүгө жетишпей калат. Мындан улам суу күркүрөп, өзөн-дайраларга жакын турган үйлөрдү суу басып, үйөр жүрүшү мүмкүн.

**4. Кургакчылык**

Соңку жылдары жылдын жылуу мезгилинде кургакчылык улам күчөгөнү байкалууда. Жаан-чачын азайды, жайдын саратаны узарды, суу тез эле бууланып жок болууда. Натыйжада жаратылышта да, күнүмдүк турмушта да суу жетишпей баштады.

**Мунун кесепеттери:**

- **Короо жайлар, мөмө бактар, талаалар соолууда:** өсүмдүтөрдү көбүрөөк сугарыш керек болуп калды, арык-каналдарда суу акпай калышы ыктымал. Мөмө-жемиштер, бак-дарактар соолуп, куурап калышы мүмкүн. Сугат суу үчүн талаштар, чыр-чатактар көбөйүүдө.
- **Тоют чөп, жайыттар азайды:** көк чөп мурдагыга караганда күндөн эрте күйүп калып жатат. Кышкыга тоют камдоо татаалдашып, жайыттар такырайып, мал-жанга жем жетпей калууда. Жем-чөп баасы катуу өсүп, демек, эт-сүттүн баасы да кымбаттоодо.
- **Күнүмдүк тиричилик кыйнады:** күн ысыкта айылдарда жана чакан шаарларда суу камсыздоо үзгүлтүккө учуроодо. Суу белгилүү саат менен гана берилип, же басымы азайып берилиши мүмкүн.
- **Токойлор, жаратылыш**: кургакчылыктын кесепетинен тоо-токойдо, калктуу конуштардын айланасында өрт чыгуу кооптуулугу күчөйт. Адамдарга, мал-жанга, турак-жайга чон коркунучтар жарылышы мүмкүн.

***Топ ичи талкуу үчүн практикалык блок:***

1. *Бала кезиңиздегиге караганда районуңузда арыктарда суу азыраак агып калганын байкадыңызбы?*
2. *Жамаатыңыз аномалдуу ысыкка кантип туруштук берүүдө?*
3. *Адамга ысык өтүп кетип, эс-учун жоготуп калганда алгачкы медициналык жардам көрсөткөндү билесизби?*

### *1.3 Климаттын өзгөрүшү жамааттын турмушунда кантип чагылдырылат?*

Жогоруда айтылган кыйынчылыктардын баары (аба-ырайынан капчыкка карай) бир чынжырчага тизилет:

аптаптуу ысык· кургакчылык· жазгы үшүк → түшүмдүн азайышы;
түшүмдүн азайышы → азык-түлүк бааларынын өсүшү;
баалардын өсүшү → үй-бүлөлүк бюджетке ашыкча жүк;
стресс жана белгисиздик → ден соолуктун жана социалдык атмосферанын начарлашы·

Төмөнкүлөр бул процесстерден эң көп запкы чегишет:

- кары-картаңдар;
- балдар
- көп балалуу үй-бүлөлөр;
- калктын аз камсыздалган катмарлары

Климаттын өзгөрүшү калктын ден соолугуна өтө терс таасирин тийгизерин да белгилей кетиш керек: аптаптуу ысыктан оорулуулардын жүрөгү кармап, кан басымы өйдө-ылдый болуп, өнөкөт ооруларынын курчуп кетиши көбөйөт. Кыштын жылуу болушу курч респиратордук вирустук инфекциялардын, сасык тумоонун өтө көбөйүп кетишине алып келет.

***Талкуулоо үчүн суроолор:***

- *Өз аймагыңызда климаттын кандай өзгөрүүлөрүн байкап жатасыз?*
- *Аптаптуу ысык же суу жетишсиздиги жамаатыңызга кандай таасир тийгизди?*
- *Климаттык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында жамаатыңызда кимдер тобокел тобуна кирет?*

## 2-ТЕМА. КЫРГЫЗСТАНДЫН УЛУТТУК ЭКОЛОГИЯЛЫК ЖАНА КЛИМАТТЫК ПРОГРАММАЛАРЫ. АЛАРДЫ ИШКЕ АШЫРУУДА ДИНИЙ ЖАМААТТАРДЫН РОЛУ

**Теманын максаты:** Кыргыз Республикасынын улуттук экологиялык жана климаттык программалары боюнча түшүнүк жаратуу. Туруктуу өнүктүрүү, жаратылышты коргоо жана жамааттар деңгээлинде экологиялык жактан жоопту жүрүм-турумду колдоодо диний жамааттардын ордун көрсөтүү.
**Узактыгы:** 60 мүнөт

**Негизги пикирлер:**

- Кыргызстандын экологиялык жана климаттык проблемалар ар бир жаранды козгойт.
- Мамлекет климат, био ар түрдүүлүк жана жашыл экономика боюнча улуттук программаларды ишке ашырат
- Диний жамааттар - бул программаларды ишке ашыруудагы маанилүү өнөктөштөр
- Исламдык баалуулуктар (аманат, мизан, ысырaптан баш тартуу) экологиялык жоопкерчилик принциптерине туура келет
- Мечит жана жамаат деңгээлинде жасалган чакар аракеттер жалпы чоң эффект берет

### *2.1. Кыргызстандын алдында турган экологиялык жана климаттык коркунучтар: коомдун жалпы жоопкерчилиги*

**Максат:** Экологиялык жана климаттык проблемалар — абстракттуу эмес, күнүмдүк турмушка чыныгы коркунучтарды алып келе ала турган, мамлекет менен коомдун биргелешип чара көрүүсүн талап кылган маселелер экенин көрсөтүү.

**Негизги мазмуну:**

- Кыргызстанда кургакчылык, мөңгүлөрдүн эриши, суу жетишсиздигинин күчөшү;
- Кыян, жер көчкүлөрдүн көбөйүшү, жер деградациясынын күчөшү;
- Климаттык өзгөрүүлөрдүн ден соолукка, айыл чарбасына жана коопсуздукка таасири;
- Эмне үчүн экологиялык жоопкерчилик – мамлекеттин гана эмес, ар бир жарандын да милдети?

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Биз азыркы учурда арыктарда суу азайганын, жайыттар соолуп жатканын, табигый кырсыктар көбөйүп жатканын баарыбыз көрүп жатабыз. Бул кокустук эмес. Ислам бизди ысырапчыл болбоого, Аллах тең салмакта жараткан табиятты булгабай, бүлгүнгө учуратпай, таза, бүтүн бойдон сактоого үйрөтөт.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Сиз турган аймакта кайсы экологиялык жана климаттык проблемалар эң курч сезилет?
2. Адамдардын күнүмдүк адаттары сууга, жерге, тазалыкка кантип таасир кылат?

3. Диний жамаат жергиликтүү деңгээлде азыртадан баштап эмнелерди өзгөртө алат?

### *2.2. Кыргыз Республикасынын экологиялык жана климаттык программалары*

**Максат:** Мамлекеттик программалар жана жамааттардын иш-аракеттери бул программалардын ишке ашырылышын кантип күчөтө алары, толуктай алары жөнүндө жалпы түшүнүк берүү.

**Негизги мазмуну:**

- Улуттук деңгээлде аныкталуучу салым (NDC 3.0): адаптация жана климаттык тобокелдиктерди төмөндөтүү;
- 2029-жылга чейин жашыл экономиканы өнүктүрүү программасы;
- 2050-жылга чейин био ар түрдүүлүктү сактоо боюнча улуттук иш планы;
- Жайыттарды өнүктүрүү жана экосистемаларды калыбына келтирүү программасы;
- Эмне үчүн калктын катышуусу бул программалардын натыйжалуулугун жогорулатат?

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Мамлекет программаларды жана пландарды иштеп чыгат, ал эми алардын натыйжалуулугу көп жагынан аларды ишке ашырууда жамааттардын канчалык жигердүү катышканына көз каранды. Биз сууну үнөмдөп, тазалыкты сактап, бак-дарак тиккенде – бул программалардын ишке ашырылышына жардам берген болобуз.

**Талкуу үчүн суроолор:**

1. Сиз турган калктуу конушта кандай мамлекеттик демилгелер ишке ашырылууда?
2. Жамаат бул программаларга кантип колдоо көрсөтө алат?
3. Адамдардын бул программаларга жигердүүрөөк катышуусуна эмне тоскоолдук кылат?

### *2.3. Экологиялык программаларды колдоодо диний жамааттардын иш жүзүндөгү амалдары*

**Максат:** Диний жамааттар чоң чыгымдарсыз өздөштүрө алган, аткаруусу колдон келе турган конкреттүү иш-аракеттерди көрсөтүү.

**Негизги мазмуну:**

- Даарат алууда суу үнөмдөө;
- Калдыктарды иргеп, мечиттин айланасында тазалыкты сактоо;
- Көчөт тигип, бак-дарактарды, көк майсаңдарды өстүрүп багуу;
- Экологиялык хутбалар жана агартуу ишмердиги;

- Жаштар, кыз-келиндер менен иштөө.

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Ар бирибиз сууну сарамжалдуу пайдалансак, көчөлөрдө акыр-чикир таштабай, көрктөндүрүү, тазалык иштерине катышсак, жамаатыбыз бүткүл район үчүн үлгү боло алат. Мына ошондо ишенимибизди иш жүзүндө көрсөткөн болобуз.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Мечитиңизде кандай экологиялык практикалар колдонула баштады?
2. Ашыкча каражат коротпостон жакынкы айда кандай чараларды көрсө болот?
3. Жамаатыңыздын кайсы мүчөсү экологиялык иш-аракеттердин демилгечиси болот алат?

***2.4. Күтүлгөн натыйжалар жана жамаат үчүн пайда***

**Максат:** Экологиялык иш-аракеттер жамааттын өзүнө түз пайда алып келет деген түшүнүктү бекемдөө.

**Негизги мазмуну:**

- Аймактардын санитардык абалын жакшыртуу;
- Суу жана башка ресурстарды үнөмдөө;
- Жашыл аймактардын аянтын кеңейтүү;
- Жаматта ишенимди жана ынтымакты бекемдөө;
- Коомдо диний жолбашчылардын ролун жогорулатуу.

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Таза көчө, жашыл короо, суу үнөмдөө – бул экология эле эмес, балдарыбыздын ден соолугу жана кошуналар арасы сый-урмат.

**Талкуу үчүн суроолор:**

1. Адамдар кандай өзгөрүүлөрдү биринчи кезекте байкашат?
2. Экологиялык демилгелерди кантип бир жолу эле аткарылуучу эмес, туруктуу негизде аткарыла тургандай кылса болот?
3. Жамааттарды бул иштерге кантип тартса болот?

## 3-ТЕМА: ДИН ЖАНА ЖАРАТЫЛЫШ. КУРАНДА ЖАНА ХАДИСТЕРДЕ ЭКОЛОГИЯЛЫК ЭТИКА: АМАНАТ, МИЗАН, АДАМДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

**Теманын максаты:** Катышуучуларда жаратылышты коргоо диний дүйнө таанымдын ажырагыс бөлүгү жана адамдын Аллахтын, коомдун жана келечек муундардын алдында адеп-ахлактык жоопкерчилик болгону боюнча түшүнүктү жаратуу.

**Узактыгы:** 60 мүнөт

**Негизги пикирлер**

- Жаратылышты Аллах жараткан жана аны адамга аманат кылып берген;
- Адам Жердин кожоюну эмес, сакчысы (аманаттай сактайт);
- Дүйнө тең салмактуулукта (мизан) жаралган, тең салмактуулуктун бузулушу анын кыйрашына алып келет;
- Жаратылышты булгоо жана ысырапчылык – адеп-ахлактык жана руханий көйгөй;
- Экологиялык жоопкерчилик – мусулмандын ишениминин жана күнүмдүк ибадатынын бир бөлүгү.

***3.1. Дин менен жаратылыштын өз ара байланышы: бардык диний салттарга мүнөздүү салт***

**Максат:** Жаратылышка сый-урмат менен мамиле кылуу бардык дүйнөлүк диндерде болгон универсалдык баалуулук экенин көрсөтүү.

**Негизги мазмуну:**

- Диний окуулар адам менен жаратылышты өз ара байланышкан элементтер катары карайт;
- Жаратылыш – душман жана бузуп-кыйрата турган ресурс эмес, Жаратkандын белеги;
- Жаратылышка зулумдук кылуу диний тартиптин бузулушуна барабар деп саналат.

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Бардык диндер бир нерсе жөнүндө кеп кылат: адам тең салмактуу жаралган иретти бузбашы керек. Биз жаратылышка зыян келтиргенде, биз жер мыйзамдарын гана эмес, адеп-ахлак мыйзамдарын да бузган болобуз.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Эмне үчүн диндер айлана-чөйрө маселелерине көңүл бурат?
2. Өзүңүздүн диний салтыңызда жаратылышка кам көрүүнүн кандай мисалдарын көрөсүз?

***3.2. Аманат принциби: адам Аллах жараткан табияттын сакчысы***

**Максат:** Аманат түшүнүгүн адамдын жер, суу, жаныбарлар жана бүтүндөй табият үчүн алган жоопкерчилиги катары ачып түшүндүрүү.

**Негизги мазмуну:**

- Аманат – адамга берилген ишеним жана жоопкерчилик;
- Жер жана анын байлыктары адамга эмес, Аллахка таандык;
- Жаратылыш байлыктарын колдонууга уруксат берилет, бирок, бузуп-талкалоого тыюу салынат;
- Адам өз кылык-жоругу үчүн Аллахтын астында жоопко тартылат.

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Эгер адамга ишеним берилген болсо, ал аны сактоого милдеттүү. Жер – аманат, биз ага кандай мамиле кылсак, ошого жараша бизден сурак алынат.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Күнүмдүк жашоодо аманат деген эмне?
2. Жаратылыш – аманат болсо, азыркы учурда ага кандай кыянаттык жасалып жатат?

### *3.3. Мизан принциби: жаратуудагы тең салмактык жана тартип*

**Максат:** Аллах Таала бүт ааламды акыл жеткис укмуш тең салмакта жаратты, аны бузуу экологиялык жана социалдык каатчылыктарга алып келет.

**Негизги мазмуну:**

- Мизанды ченем жана тең салмактык принциби катары билүү
- Бул дүйнө «өлчөмү жана ченеми» менен жаратылган;
- Тең салмактыкты бузуу жаратылыштын деградациясына алып келет;
- Экологиялык кризистер – адамзаттын ишмердигинин кесепети.

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Адам керектөөдө, кен казууда ченеминен ашып кетсе, жаратылышты өтө көп булгап жиберсе, ал Алла Таала орноткон мизанды бузуп, өзү анын кесепеттеринен азабын тартат.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Адам менен жаратылыштын ортосундагы тең салмактык кайсы жерде бузулуп жатат?
2. Жамааттын жашоосунда мизанды кантип калыбына келтирсе болот?

### *3.4. Жаратылышты булгоо, ысырапчылык жана адамдын моралдык жоопкерчилиги*

**Максат:** Айлана-чөйрөнү булгоо жана ысырапчылык адеп-ахлакка туура келбегенин көрсөтүү.

**Негизги мазмуну:**

- Айлана-чөйрөнү булгоо – адамдын кылык-жоругунун натыйжасы;
- Ысырапчыл жүрүм-турум – мусулманчылыкта күнөө деп саналат;
- Экологиялык кырсыктардын моралдык начарлоо менен байланышы;
- Өз амалдарыңдын кесепети үчүн жоопко тартылуу;

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Алла Таала жаратылыштын байлыктарын пайдаланууга уруксат берсе дагы, ысырапчылыкка тыюу салган. Жер-сууларды булгаганыбызда, биз эң биринчи кезекте өзүбүзгө жана балдарыбызга зыян алып келебиз.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Күнүмдүк жашоодо адамдар ысырапчылыкка кантип жол беришет?
2. Жамааттын деңгээлинде айлана-чөйрөгө келтирилген зыянды кантип азайтыш керек?

***3.5. Тазалык ишенимдин жана экологиялык маданияттын пайдубалы***

**Максат:** Тазалык – исламда экологиялык принцип түшүнүгүн ачып көрсөтүү. Исламда жан дүйнөң да, дени-кардың да таза болушу зарыл.

**Негизги мазмуну:**

- Тазалык жөнүндө Курандын алгачкы аяттарынын биринде айтылат
- Таза суу, таза жер, таза айлана-чөйрө
- Коомдук жайлардын тазалыгына кам көрүү
- Экологиялык маданият – диний практиканын уландысы

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Жамаатта тазалык маданиятын кантип бекемдесе болот?
2. Мечиттерде кандай практикаларды өздөштүрсө болот?

## 4-ТЕМА. КООМДУН КЛИМАТТЫК ТОБОКЕЛДИКТЕРГЕ АЯРДУУЛУГУ ЖАНА ДАЯРДЫГЫ

**Максат:** Климаттык коркунучтар жамааттардын жашоосуна түздөн-түз таасир кыларын, коомдун аларга даярдыгы, өз ара жардамдашуусу жана жооптуу жүрүм-туруму аярдуулугун азайтып, өмүрлөрдү сактай аларын көрсөтүү.
**Узактыгы:** 60 мүнөт

**Негизги пикирлер**

- Климаттык коркунучтар – алар ойдон токулган эмес, азыр, ушул жерде бар;
- Климаттык коркунучтарга карата аярдуулук жакырдыктан, маалыматтын жетишсиздигинен жана начар тилектештиктен күчөйт;
- Даяр коом азыраак зыянга учурайт жана тезирээк калыбына келет;
- Жамааттар адамдардын туруктуулугун жана даярдыгын бекемдей алат.

### *4.1. Климаттык тобокелдиктер деген эмне? Эмне үчүн коом алардан сактана албай калышы мүмкүн?*

**Максат:** Климаттык тобокелдиктер деген эмне экенин жана эмне үчүн айрым жамааттар башкаларга караганда көбүрөөк зыян тартаарын жалпак тил менен түшүндүрүү.

**Негизги мазмуну:**

- Климаттык тобокелдиктер: кургакчылык, суу каптоолор, кыяндар, аптаптуу ысык, өтө катуу суук;
- Айыл аймактарынын, жаңы конуштардын, тоо аймактарынын коркунучтардан сактана албастыгы;
- Даярсыздык менен жоготуулардын масштабынын ортосундагы байланыш.

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Кургакчылык менен селдер жаратылышты гана эмес, бүтүндөй жамааттын тиричилигин козгойт. Табигый кырсыктарга биргелешкен даярдык жана өз ара жардамдашуу мындай сыноолордун оордугун жеңилдетет.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Кайсы климаттык коркунучтар сиздин районуңузга мүнөздүү?
2. Табигый кырсык болгондо жамаатыңызда кимдер өзгөчө кооптуу абалда?

### *4.2. Социалдык аярдуулук: кимдер жана эмне үчүн эң көп азап тартат?*

**Максат:** Климат – жаратылыштын белгиси гана эмес, социалдык адилеттүүлүк экенин да көрсөтүү.

**Негизги мазмуну:**

- Аярдуулуктун социалдык факторлору: жакырдык, ден соолук, обочолонгондук;
- Кары-картаңдар, аялдар, балдар, майыптыгы бар жарандардын аярдуулугу;
- Тобокелдик фактору катары маалыматтын жана ишенимдин жоктугу
- Жамааттын ынтымагы аярдуулукту азайтышы.

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Оор күндөр келгенде ар бир адамдын башына сыноолор түшөт, Алла Таала бизди бири-бирибизге көңүл буруюуга, азыркы учурда ким өтө оор абалда калса, ошолорду колдоп, жардам беришүүгө чакырат.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Климаттык өзгөрүүлөр шартында жамаатыңыз кандай кыйынчылыктар жана тобокелдиктер менен эң көп кездешет?
2. Мындай адамдарга жардам берүү үчүн кантип алдын ала даярданса болот?

### *4.3. Коомдун даярдыгы: профилактика жана адаптация*

**Максат:** Климаттык тобокелдиктерге даярдануу — конкреттүү жана аткарууга мүмкүн болгон иш-аракеттер экенин көрсөтүү.

**Негизги мазмуну:**

- Эрте даярдык: маалымат, пландар, окутуу;
- Суу жана башка ресурстарды үнөмдөө – адаптациялык чара
- Үйлөрдү бекемдөө, арыктарды тазалоо, бак-дарактарды тигүү;
- Коллективдүү иш-аракеттерди ролу.

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Жылдын ар бир мезгилине даярдануу жана өз ара колдоо көрсөтүү жамаатты каалагандай климаттык сыноолордун алдында бекемдейт.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Жамаатыңызда кандай даярдык чараларын көрсө болот?
2. Келе жаткан мезгилде эмнелерди кыла баштаса болот?

### *4.4. Климаттык өзгөрүүлөрдөн сактана албай калуу көрсөткүчүн азайтууда диний жамааттардын ролу*

**Максат:** Диний жамааттар — туруктуулук жана өз ара жардамдашуунун маанилүү ресурсу экенин көрсөтүү.

**Негизги мазмуну:**

- Мечит колдоо көрсөтүүнүн жана маалымат бөлүшүүнүн борбору;
- Өз ара жардамдашууну жана ыктыярчылыкты уюштуруу;
- Экологиялык жана климаттык агартуу;

- Аярлуу топторго колдоо көрсөтүү

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Мечит – кудайга сыйынуу жайы гана эмес, адамдар бири-бирин оор күндөрдө колдой турган дагы жер.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Кризистик кырдаалда мечит кандай функцияларды аткара алат?
2. Жамааттын ар кандай топторун – жаштарды, аялдарды жана улгайган жарандарды – өзгөчө кырдаалдарда даярданууга жана өз ара жардамдашууга кантип тартса болот?

### *4.5. Туруктуулук, үмүт жана келечек үчүн жоопкерчилик*

**Максат:** Туруктуулук ар бир адамдын жоопкерчилигинен башталат деген пикирди бекемдөө.

**Негизги мазмуну:**

- Туруктуулук – калыбына келүүгө жөндөмдүүлүк;
- Билим, биримдик жана ишенимдин мааниси;
- Келечек муундардын алдында жоопкерчилик;
- Чакан кадамдар — чоң жыйынтык

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Бири-бирибизге кам көрүп, эртерээк даярдык көрсөк, каалаган сыноолор жеңилирээк өтөт.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Кандай кадамдар жамаатыңыздын туруктуулугун бекемдей алат?
2. Оор мезгилдерде ынтымакты кантип сактаса болот?

## 5-ТЕМА. ЭКО-МИССИЯДА ЖАМААТТАРДЫН ОРДУ

**Теманын максаты:** Жаматтын экологиялык миссиясы жамааттын бардык мүчөлөрүнүн жигердүү катышуусунда гана аткарылууга мүмкүн жана натыйжалуу болот. Мында алардын уникалдуу ролу, мүмкүнчүлүктөрү жана жоопкерчилиги эске алынышы зарыл.
**Узактыгы:** 60 мүнөт

**Негизги пикирлер**

- Жамаат – жандуу социалдык тутум;
- Жамааттагы ар бир топ экологиялык миссияда өз ролуна ээ;
- Эко-миссия иерархияда эмес, кызматташтыкта курулат;
- Жаштар жана аялдар – өзгөрүүлөрдүн маанилүү агенттери;

***5.1. Жамаат – экологиялык өзгөрмөлөрдүн негизи***

**Максат:** Адамдардын экологиялык жүрүм-турумуна таасир кыла алган коомдун модели катары жамаат түшүнүгүн түзүү.

**Негизги мазмуну:**

- Жамаат түшүнүгү: бир аймакта жашаган, диндеш, баалуулуктары бирдей болгон адамдар;
- Туруктуу өнүктүрүүнүн социалдык моделдери катары жамааттар;
- Руханий жана коомдук турмуштун бөлүгү катары экологиялык миссия.

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Биз экология жөнүндө кеп кылганда, жаратылыш гана эмес, кантип чогуу жашаганыбыз жөнүндө да айтып беребиз. Жамаат – өзгөрүүлөр башталган жер.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Жамаатыңызда адамдарды эмне бириктирет?
2. Жамаат райондун экологиялык маданиятын өнүктүрүүнү колго ала алабы?

***5.2. Жамааттын эко-миссиясында руханий жолбашчылардын ролу***

**Максат:** Экологиялык баалуулуктарды түзүүдө имамдардын жана устаздардын башкы ролун көрсөтүү.

**Негизги мазмуну:**

- Имам – адеп-ахлактык багыт көрсөткүч жана уюштуруучу;
- Экологиялык үгүт-насаат берген имам;
- Эко-акцияларды жана кайрымдуулук иш-чараларын демилгелеп баштоо
- Жамааттын биримдигин жана кызматташтыгын колдоо.

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Эгер биз минбарга чыгып, жаратылышка аяр мамиле кылуу жөнүндө кеп кыла турган болсок, адамдар муну ишениминин бир бөлүгү катары кабыл алып башташат.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Имам эко-ишмердикти баштоодо кандай роль ойнойт?
2. Үгүт-насаат, баян айтылгандан кандай темаларды алып чыкса болот?

### *5.3. Жамааттын экологиялык миссиясында аялдардын ролу*

**Максат:** Күнүмдүк экологиялык маданияттын сакчылары катары аялдардын ролун баса белгилөө.

**Негизги мазмуну:**

- Жамааттарда сууну, энергияны, азык-түлүктү башкаруу;
- Балдарга экологиялык тарбия берүү;
- Тазалык жана ден соолук маселелерине сезгичтик;
- Климаттык тобокелдиктерге карата аялдардын өзгөчө катуу аярдуулугу;
- Мусулман аялдардын жана жаштардын жолбашчылыгы боюнча эл аралык мисалдар.

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Экологиялык маданият аял менен эркек биргелешип тартип, тазалык, сарамжалдуулукту түзгөн үй-бүлөдө түзүлөт. Бул баалуулуктар балдарга өз үлгүсү аркылуу өткөрүлүп берилет.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Жамаатта аялдардын экологиялык демилгелерин кантип колдосо болот?
2. Аларга кандай билим жана көндүмдөр керек болот?

### *5.4. Эко-миссияда жаштардын ролу*

**Максат:** Жамааттын деңгээлинде ыктыярчылык кыймылдарын уюштурууда, билим жайылтууда жана экологиялык демилгелерди колдоодо жаштардын дымагын көрсөтүү.

**Негизги мазмуну:**

- Ыктыярчылык жана коомдук иш-чаралар;
- Санарип технологияларды жана соцтармактарды колдонуу;
- Жаңы экологиялык практикаларга ачык болуу;
- Мусулман жаштардын эл аралык үлгүлөрү.

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Жаштар жаңы билимди жана тажрыйбаны көпчүлүк учурда алгачкылардан өздөштүрүшөт, өздөрүнүн иш-аракеттери аркылуу бүтүндөй жамаатка акырындап, аң-сезимдүүлүк менен өзгөрүүгө жардам берет.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Жаштарды кантип эко-демилгелерге тартса болот?
2. Аларга иштөөнүн кайсы форматтары эң кызыктуураак келет?

### *5.5. Экологиялык маданиятта үй-бүлөлөрдүн жана улгайган адамдардын ролу*

**Максат:** Жамааттын туруктуу өнүгүүсүндө муундар аралык аракетттешүүнүн маанисин көрсөтүү.

**Негизги мазмуну:**

- Үй-бүлө – адаттар түзүлүүчү мейкиндик;
- Жаратылышка аяр мамиле кылуу салтын өткөрүп берүү;
- Карынын сөзүн капка сал. Улгайган адамдардын тажрыйбаны өткөрүүдөгү ролу;
- Муундардын өз ара колдоосу.

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Улуулар бизге тажрыйбасын өткөрүп беришет, үй-бүлөлөр келечекти түптөйт. Алар чогуу болгондо жамаат туруктуу болот.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Экологиялык демилгелердин айланасында муундарды кантип бириктириш керек?
2. Кандай салттуу практикаларды кайрадан жандандырса болот?

### *5.6. Бардык топтордун синергиясы: бирдиктүү эко-күч катары жамаат*

**Максат:** Туруктуу өзгөртүүлөр биргелешип иш кылганда гана мүмкүн болот деген түшүнүктү бекемдөө.

**Негизги мазмуну:**

- Диний жолбашчылардын, аялдардын жана жаштардын кызматташтыгы;
- Эко-демилгелерди биргелешип пландоо жана ишке ашыруу;
- Жамааттын туруктуулугун жана ынтымагын жогорулатуу.

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Экологиялык миссия – жалгыз адамдын эмес, бүтүндөй жамааттын баса турган жолу.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Жамааттагы ар кандай топтордун өз ара аракеттешүүсүн кантип жөнгө келтирсе болот?
2. Азыртадан баштап, кандай биргелешкен демилегелерди баштаса болот?

## 6-ТЕМА. ЖАМААТТАРДЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК ИШМЕРДИГИНДЕ ДИНИЙ НАСААТТАРДЫН ИШ ЖҮЗҮНДӨ КОЛДОНУЛУШУ

**Максат:** Жамаат деңгээлинде диний насааттар менен баалуулуктарды конкреттүү, күнүмдүк экологиялык иш-аракеттерге кантип которсо болорун көрсөтүү.
**Узактыгы:** 60 мүнөт

**Негизги пикирлер**

- Ишеним амалдар менен өзүн көрсөтөт;
- Экологиялык иш-аракеттер – ибадат кылуунун жана сыйынуунун бир формасы;
- Бир жолу жасалган иштин ордуна кадамдап иш-аракет кылуу маанилүүрөөк;
- Жамаат ичинде иш жүзүндө аткарылган иштерди үлгү алып, бериш керек;
- Диний насааттар экологиялык жүрүм-турум үчүн моралдык негизди түзүп берет.

**6.1. Ишенимде ишке өтүү: экология күнүмдүк диний практикалардын бир бөлүгү**

**Максат:** Экологиялык жоопкерчилик жаңы эрежелерди талап кылбасын көрсөтүү — ал ансыз деле диний насааттарда камтылган.

**Негизги мазмуну:**

- Дин менен амалдардын байланышы;
- Экологиялык жүрүм-турум ибадаттын уландысы;
- Тазалык, тартип жана ченем үчүн жоопкерчилик;
- Жер байлыктарын сарамжалдуу колдонууда Пайгамбардын (с.а.в.) мисалы

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Биз сууну үнөмдөп, тазалыкты сактап, жаратылышка зыян келтирбегенде, Алла Тааланын ыраазычылыгы үчүн жакшы иш кылган болобуз.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Кандай диний насааттар күнүмдүк турмушта аткарылууда?
2. Аларды экологиялык жүрүм-турум менен байланыштырса болот?

***6.2. Сууну жана башка ресурстарды үнөмдөө: саражмалдуулук принцибин практикада ишке ашыруу***

**Максат:** Ысырапчылыктан баш тартуу прицибин иш жүзүндө кантип ишке ашырса болорун көрсөтүү.

**Негизги мазмуну:**

- Даарат алууда сууну үнөмдөө;
- Мечитте, үйдө энергияны сарамжалдуу пайдалануу;

- Тамак-ашты ысырап кылууга жол бербөө, товарларды ченеп алып, керектөө;
- Турмуш-тиричилик калдыктарынын көп чыгышына жол бербөө.

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Керек болсо, даарат алып жатканда да сууну ашыкча коротууга болбойт. Ошондо биз жашообуздун бардык жактарында сарамжалдуу болууну үйрөнөбүз.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**
1. Жамаат эмнелерде эң көп ысырапчылыкка жол берет?
2. Кандай чараларды азыртадан баштап көрө баштаса болот?

***6.3. Тазалык менен тартип – диний жана экологиялык милдет***

**Максат:** Айлана-чөйрөнүн тазалыгына кам көрүү – диний насааттарга түз баш ийүү экенин көрсөтүү.

**Негизги мазмуну:**
- Дененин, жүрөктүн жана айлана-чөйрөнүн тазалыгы;
- Мечит жана коомдук жайлардын аймагын жууп-тазалоо;
- Калдыктарды иргеп, булганычтардын алдын алуу;
- Башкаларга үлгү болуу – даанышмандыктын бир түрү.

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Мечитте тазалыкты жакшы көрсөк, биз өзүбүз жашаган көчөлөрдүн да таза болушун жакшы көрүшүбүз керек.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**
1. Тазалык иштери анда-санда эмес, туруктуу негизде аткарылышы үчүн эмне кылыш керек?
2. Бул иштерге ким баш-көз боло алат?

**6.4. Жер, суу, өсүмдүктөргө кам көрүү: жамааттык деңгээлдеги иш-аракеттер**

**Максат:** Ар бир жамаат аткара алган конкреттүү экологиялык иш-аракеттерди көрсөтүү.

**Негизги мазмуну:**
- Бак-дарак тигүү, аларды багуу;
- Арыктарды, булактарды, кудуктарды тазалоо;
- Мечиттердин айланасында жашыл аймактарды түзүү;

- Жергиликтүү деңгээлде жаратылышты ортого койгон чечимдерди чыгаруу.

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Адамдардын пайдасы үчүн тигилген ар бир бак – үзгүлтүксүз садака болуп саналат.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Районуңузда кандай жашыл аймактар багылууга муктаж?
2. Ким алардын каралып-багылышын өз колуна ала алат?

**6.5. Жамааттын аярлуу катмарындагы жарандарга кам көрүү – экологиялык ишмердиктин элементи**

**Максат:** Экология, социалдык адилеттүүлүк жана ырайымдуулуктун ортосундагы байланышты көрсөтүү.

**Негизги мазмуну:**

- Аптаптуу ысыкта, ызгаардуу суукта. суу жетишсиздигинде жамаатка колдоо көрсөтүү;
- Климаттык тобокелдиктерге биргелешип даярдык көрүү;
- Ыктыярчылык жана жамааттык ынтымак;
- Ден соолукка жана коопсуздукка кам көрүү – экологияга кам көрүүнү түшүндүрөт.

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Башыбызга оор күндөр келгенде бири-бирибизге жардам берип, жамаатты гана эмес, динибизди да күчтөндүрөбүз.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Жамаатыңызда кимдер климаттык тобокелдиктерден эң көп зыян тартышы ыктымал?
2. Жардамдын кандай түрлөрүн алдын ала уюштуруш керек?

***6.6. Пландоо жана туруктуулук: экологиялык ишмердикти кантип туруктуу кылса болот?***

**Максат:** Экологиялык имшердикти системалык ык-амал менен жүргүзүш керек деген түшүнүктү бекемдөө.

**Негизги мазмуну:**

- Экологиялык демилгелерди пландоо;

- Жамаатта ролдорду бөлүштүрүү;
- Окутуу жана тажрыйбаны өткөрүү;
- Мамлекеттик жана муниципалдык программалар менен байланыш.

**Хутба үчүн баяндын мисалы:** Эгер биз кылган ишибиздин жыйынтыгын көргүбүз келсе, анда жакшы амалдар бир жолу жасалган иш эмес, адатка айланышы керек.

**Талкуулоо үчүн суроолор:**

1. Кандай экологиялык демилгелерди туруктуу негизде аткарса болот?
2. Узак мөөнөттүү ишмердикке көбүрөөк адамдарды кантип тартыш керек?